**С.А. Ишлер,**
**Т. Садыков,**
*К.Карасаев атындагы БГУ*

# ТҮРК ТИЛИНДЕГИ ЧАК КАТЕГОРИЯСЫНЫН КУРАМЫ

Чак категориясы кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурга болгон катышын билдирген этиштин өзөк категориясы. Түрк тилинде кыргыз тили сыяктуу эле бул категория учур чак, келер чак, өткөн чак болуп үчкө жиктелет [1-9].

Учур чак түрк тилинде *-yor, -makta, -ar* мүчөлөрү аркылуу уюшулат. Булардын ичинен *-yor* мүчөсү кыймыл-аракеттин кеп жүрүп жаткан учурда аткарылганын билдирет да, морфонологиялык эки вариантта келет:

1) үндүү менен аяктаган этиштен кийин *-yor* варианты колдонулат: *Ben okuyorum Мен окуп жатам, Sen okuyorsun Сен окуп жатасың, O okuyor Ал окуп жатат, Biz okuyoruz Биз окуп жатабыз, Siz okuyorsunuz Силер окуп жатасыңар, Сиздер окуп жатасыздар, Onlar okuyorlar Алар окуп жатат;.*

2) үнсүз менен аяктаган этиштен кийин *-ıyor, -iyor, -uyor, -üyor* варианттары келет: *yazıyor жазып жатам, biliyor билип жатам, buluyor таап жатат, bölüyor бөлүп жатам, ben yazıyorum мен жазып жатам, sen yazıyorsun сен жазып жатасың, o yazıyor ал жазып жатат, biz yazıyoruz биз жазып жатабыз, siz yazıyorsunuz силер жазып жатасыңар, сиздер жазып жатасыздар, onlar yazıyorlar алар жазып жатат.*

Көрүнүп тургандай, түркчөдөгү бул мүчө аркылуу уюшулган учур чак кыргыз тилинде *-ып жат* турпатындагы аналитикалак этишке туура келет. Айрым учурда мындай маанини кыргыз тилиндеги *-а/-й* мүчөсү менен да берүүгө болот: *Ben burada oturuyorum Мен мында жашаймын, Bekir evde çalışıyor Бекир үйдө иштейт, Orhan üniversitede okuyorum Орхан университетте окуйт ж.б.*

*-makta* мүчөсү мурда эле башталган кыймыл-аракет кеп жүрүп жаткан учурда да улантылганын билдирет. Мисалы: *Ben misafir beklemekteyim Мен конок күтүүдөмүн, Sen misafir beklemektesin Сен конок күтүүдөсүң, O misafir eklemektedir Ал конок күтүүдө, Biz misafir beklemekteyiz Биз конок күтүүдөбүз, Siz misafir beklemektesiniz Силер конок күтүүдөсүңөр, Сиздер конок күтүүдөсүздөр, Onlar misafir beklemektediler Алар конок күтүүдө.* Демек, бул мүчө кыргыз тилиндеги *-ууда/-оода* мүчөсүнө дал келет.

*-makta* формасы төмөнкүчө жакталат - Оң форма, жекелик сан: *Ben yazmaktayım Мен жазуудамын, Sen yazmaktasın Сен жазуудасың, Сиз жазуудасыз, O yazmaktadır Ал жазууда.* Көптүк сан: *Biz yazmaktayız Биз жазуудабыз, Siz yazmaktasınız Силер азуудасыңар, Сиздер жазуудасыздар, O yazmaktadırlar Алар жазууда.* Терс форманын 1 тиби: *Ben yazmakta değilim Мен жазып жаткан жокмун, Sen yazmakta değilsin Сен жазып жаткан жоксуң, O yazmakta değildir Ал жазып жаткан жок, Biz yazmakta değil Биз жазып жаткан жокпуз, Siz yazmakta eğilsiniz Сиз жазып жаткан жоксуз, Onlar yazmakta değildirler Алар жазып жаткан жок.* Терс форманын 2 тиби: *Ben yazmamaktayım Мен жазып жаткан жокмун, Sen yazmamaktasın Сен жазып жаткан жоксуң, O yazmamaktadır Ал жазып жаткан жок Biz yazmamaktayız Биз жазып жаткан жокпуз, Siz azmamaktasınız Сиз жазып жаткан жоксуз, Onlar yazmamaktadırlar Алар жазып жаткан жок.* Суроо формасы: *Ben yazmakta mıyım? Мен жазып жатамбы? Sen yazmakta mısın? Сен жазып жатасыңбы? O yazmakta mı? Ал жазып жатабы? Biz yazmakta mıyız? Биз жазып жатабызбы? Siz yazmakta ısınız? Сиз жазып жатасызбы? Onlar yazmakta mılar? Ал жазып жатабы?*

Жалпы чак деп аталган *-ar* формасы төмөнкү варианттарда колдонулат [3: 225; 7: 320-321]: 1) үндүү менен аяктаган этиштен кийин *r* варианты келет: *Yaşar der okur başlar oynar işler uyur;* 2) үнсүз менен аяктаган бир муундуу этиштен кийин *–ar/-er* варианттары айтылат: *Keser kazar gider koşar öter yazar döner;* 3) үнсүз менен аяктаган көп муундуу жана *l, r* тыбыштары менен аяктаган бир муундуу сөздөрдөн кийин *-ır, -ir, -ur, -ür* варианттары келет: Көп муундуу этиштер *çalışır. Gönderir oturur sevinir ж.б.* Бир муундуу этиштер *kalır. Bulur alır durur varır vurur bilir olur gelir ölür verir görür ж.б.*

*-ar* мүчөсү төмөнкүдөй негизги маанилерге ээ [3: 228-229; 2: 52-53]:

1) Кыймыл-аракеттин аткарылышы мүмкүн же божомолдуу экендигин билдирет: *Orada ... bazı hemşerilere rastgelirim Ал жерде жердештериме кездешермин. Belki yakında cehennemde örüşürüz Балким, жакында тозокто көрүшөрбүз. Anlarsэn. Anlıyacaksın. Nlatacağım Түшүнөрсүң. Түшүнөсүң. Түшүндүрөмүн.* Мындай учурда *-ar* мүчөсү кыргыз тилинедеги арсар келер чактын *-ар* уландысына маанилеш колдонулат;

2) Аткарылышы кандайдыр бир учурга байланбаган жана заттын, кырдаалдын туруктуу белгиси катары көрсөтүлгөн кыймыл-аракетти билдирет [4: 129]: *Balık suda yaşar Балык сууда жашайт Biz günde 8 saat çalışırız Биз күндө 8 саат иштейбиз. Ali çayı sever Али чайды жактырат.* Мындай учурларда белгиленген кыймыл-аракет субъект тарабынан дайыма аткарылат.

Түрк тилинин грамматикасында *-ar* формасы билдирилген кыймыл-аракет *жалпы чак (geniş zaman)* деп аныкталат [7: 320-321; 6: 180-182]. Бул форма туруктуу сөз айкашы, макал-лакап, кайрылуу өңдүү учурларда жыш колдонулат [3: 229]: *Acın halini tok bilmez, hastanın halini sağ bilmez Ач кадырын ток билбейт, оору кадырын соо илбейт. Rica ederim! Өтүнөм! Суранам! Teşekkür ederim! Рахмат! Affedersiniz! Кечириңиз!*

Жалпы чак оң жана терс формаларда жакталат. Оң форма: *Ben okurum Мен окуймун, окурмун Sen okursun Сен окуйсуң, курсуң O okur Ал окуйт, окур. Biz okuruz Биз окуйбуз, окурбуз. Siz okursunuz Силер окуйсуңар, окурсуңар. Сиздер окуйсуздар, окурсуздар Onlar okurlar Алар окушат, окур.* Терс форма: *Ben okumam Мен окубаймын, окубасмын Sen okumazsın Сен окубайсың, окубассын O okumaz Ал окубайт, окубас Biz okumayız Биз окубайбыз, окубаспыс Siz okumazsınız Силер окубайсыңар, окубассыңар. Сиздер окубайсыздар, окубассыздар. Onlar okumazlar Алар окушпайт, окубас.*

Көрүнүп тургандай, *-ar* мүчөсү терс формада *-maz* турпатында айтылат.

*Келер чак (gelecek zaman)* кыймыл-аракет кеп жүрүп жаткан мезгилден кийин аткарыла тургандыгын билдирет. Түрк тилинде келер чактын эки түрү бар. Алар төмөнкүлөр: 1) айкын келер чак, 2) жакынкы келер чак.

Айкын келер чак кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин аткарыла тургандыгы айкын экендигин билдирип, *-acak* мүчөсү менен уюшулат: 1) үнсүз менен аяктаган сөздөн кийин *acak/ ecek* болуп айтылат: *atacak атат sevecek сүйөт bulacak табат dönecek кайтат* ж.б. 2) үндүү менен аяктаган сөздөн кийин *yacak/yecek* болуп айтылат: *oynayacak ойнойт okuyacak окуйт soruyacak сурайт işleyecek иштейт* ж.б.

Бул мүчөлүү сөз жак мүчөнү төмөнкүчө кабылдайт: *Ben yazacağım Мен жазамын Sen yazacaksın Сен жазасың O yazacak Ал жазат Biz yazacağız Биз жазабыз Siz yazacaksınız Силер жазасыңар Сиздер азасыздар Onlar yazacaklar Алар жазат.* Терс форма: *Ben yazmıyacağım Мен жазбаймын Sen yazmıyacaksın Сен азбайсың O yazmıyacak Ал жазбайт Biz yazmэуасарэz Биз жазбайбыз Siz azmıyacaksınız Силер жазбайсыңар Сиздер жазбайсыңар Onlar yazmıyacaklar Алар жазбайт.*

Жакынкы келер чак кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин чукул аткарыла тургандыгын билдирип, *mak/mek üzere* формасы аркылуу уюшулат [3: 236-237]. Мисалы: *Ben yazmak üzereyim Мен азыр жазамын Sen yazmak üzeresin Сен азыр жазасың O yazmak zeredir Ал азыр жазат Biz yazmak üzereyiz Биз азыр жазасыңар Siz yazmak zeresiniz Силер азыр жазасыңар Сиздер азыр жазасыздар Onlar yazmak zeredirler Алар азыр жазышат.*

Өткөн чактын (*geçen zaman*) түрк тилинде төмөнкү эки түрү бар: 1) айкын өткөн чак (*görülen/ belerli geçmiş zaman*), 2) белгисиз өткөн чак (*duyulan/ belirsiz geçmiş zaman*).

Айкын өткөн чак кыймыл-аракеттин аткарылышы сүйлөп жаткан учурдан мурда эле сүйлөөчүгө айкын болгондугун билдирип, *-dı* мүчөсү аркылуу уюшулат да, төмөнкүдөй сегиз түрдүү айтылат: *-dı -di -du -dü -tı -ti -tu –tü; aldı алды, attı атты, geldi келди, kesti кести, okudu окуду, tuttu тутту ,öldü өлдү, ürktü үркtү.*

*-dı* мүчөсү жак мүчөнүн толук эмес түрүн кабылдайт.

Оң форма: *Ben aldım Мен алдым Sen aldın Сен алдың O aldı Ал алды Biz aldık Биз алдык Siz aldınız Силер алдыңар Сиздер алдыңыздар Onlar ldılar Алар алды.* Терс форма: *Ben almadım Мен албадым Sen almadın Сен албадың O lmadı Ал албады Biz almadık Биз албадык Siz almadınız Силер албадыңар Сиздер албадыңыздар Onlar almadılar Алар албады.*

Белгисиз өткөн чак этиш сөзгө *-тэю* мүчөсүн жалгоо аркылуу уюшулат. Бул мүчө төрт вариантта колдонулат: *-mış/-miş/-muş/-müş; yazmış doğmuş bilmiş bölmüş.*

Белгисиз өткөн чак төмөнкү маанилерде колдонулат: 1) Өз көзү менен көрбөгөн же өзү катышпаган кыймыл-аракетти, окуяны билдирет: *Bir gün padişah hastalanmış ve oğulların çağırmış Бир күнү падыша оорун калып, балдарын чакырыптыр;* 2) Унутта калган же башка бирөөдөн угулган окуяны, кыймыл-аракетти кайрадан эске салган учурду билдирет: *Günler, haftalar geçmiş Tam bir ay kendini bilmeden yatmışım Күндөр, жумалар өтүптүр. Толук бир ай эч нерсени билбей жатыптырмын;* 3) Кыймыл-аракеттин аткарылгандыгы сүйлөөчү үчүн шектүү, божомолдуу, ишенимсиз болгондугун, ошондой эле кыймыл-аракеттин аткарылышын башка бирөөдөн уккандыгын, кандайдыр бир жол менен аңдап түшүнгөндүгүн билдирет: *Dün buraya gelmişsiniz, beni aramışsınız ve bulamamışsınız Кечээ бул жакка келип, мени издеп таба албаптырсыз.*

Белгисиз өткөн чак этиштерге жак мүчөлөр уланат.

Оң форма: *Ben yazmışım Мен жазыпмын, жазыптырмын Sen yazmışsın Сен жазыпсың, азыптырсың O yazmış Ал жазыптыр Biz yazmışız Биз жазыппыз, азыптырбыз Siz yazmışsınız Силер жазыпсыңар, жазыптырсыңар Сиздер азыпсыздар, жазыптырсыздар Onlar yazmışlar Алар жазыптыр.* Терс форма*: Ben yazmamışım Мен жазбапмын, жазбаптырмын Sen azmamışsın Сен жазбапсың, жазбаптырсың O yazmamış Ал жазбаптыр Biz azmamışız Биз жазбаппыз, жазбаптырбыз Siz yazmamışsınız Силер азбапсыңар, жазбаптырсыңар Сиздер жазбапсыздар, жазбаптырсыздар Onlar yazmamışlar Алар жазбаптыр.*

Көрүнүп тургандай, түркчөдөгү белгисиз өткөн чак маани жактан кыргыз тилиндеги капыскы өткөн чакка жакын келет. Бирок мындан аталган эки чак бири бирине толук дал келет деп жыйынтык чыгартууга болбойт. Анткени мында бул маселени да, ошондой эле эки тилдеги чак категориясын да толугу менен ар тараптан салыштырып изилдөө зарылдыгы туулат.

***Адабияттар***

1. Дмитриев Н.К. Турецкий язык. – М., 1960.
2. Иванов С.Н. Курс турецкой грамматики. ч.1-2, – Л., 1975, 1977.
3. Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого языка. – М. – Л., 1956.
4. Щека Ю.В. Интенсивный курс турекого языка. – М., 1996.
5. Banguoğlu T. Türkçenin grameri. Ankara:1995.
6. Ediskun H. Türk dil bilgisi. İstanbul:1993.
7. Ergin M. Türkçe dil bilgisi. Ankara:1994.
8. Hengirmen M. Türkçe dil bilgisi. Ankara:1995.
9. Korkmaz Z. Turkiye Turkcesi Grameri (Sekil Bilgisi). Ankara: TDK, 2003.